# «Альфа Телеком» ЖАКнын купуялык саясаты

## 1. Жалпы бөлүк

Бул Купуялык саясаты (мындан ары - Саясат) жеке маалыматтарды жана башка купуя маалыматты коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык иштелип чыккан жана «Альфа Телеком» ЖАК (мындан ары - Кармоочу/Компания) тарабынан иштетилген жеке маалыматтардын субъекттеринин (мындан ары - Субъект/Абонент) жеке маалыматтарын иштеп чыгуунун укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт.

Саясат купуя болуп саналган маалыматты алуу ыкмаларын аныктайт. Купуя маалымат – бул ачыкка чыгуусу жоготууларга алып келиши мүмкүн болгон жана/же ишкердик абройго таасир этүүчү жалпыга жеткиликтүү эмес маалымат.

Саясат mega24.kg веб-сайтында жана MEGA24 мобилдик тиркемесинде таанышуу үчүн жеткиликтүү.

Жеке маалыматтарды жана башка купуя маалыматтарды чогултуу, иштетүү, пайдалануу жана өткөрүп берүү ушул Саясатка, Коомдук офертага, Байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишимге ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

## 2. Кармоочу тарабынан төмөндө көрсөтүлгөн максаттарда жана белгилүү бир шарттарда иштетилүүсүнө, сакталышына жана берилишине Субъект макулдугун билдирген топтолгон маалыматтардын көлөмү/тизмеси

Саясат mega24.kg веб-сайтын жана MEGA24 мобилдик тиркемесин колдонууда субъект тарабынан Кармоочуга берилген ар кандай жеке маалыматтарга жана башка маалыматтарга карата колдонулат. Мобилдик тиркемеде берилүүгө тийиш болгон жеке маалыматтар Кармоочу тарабынан атайын белгилердин жардамы менен белгиленет, башка жеке маалыматтар субъекттин каалоосу боюнча берилет;

Кармоочу төмөнкү жеке маалыматтарды субъекттен талап кылууга жана субъект тарабынан берилген төмөнкү жеке маалыматтарды иштеп чыгууга укуктуу:

- ✓ фамилиясы, аты, атасынын аты,
- ✓ туулган күнү;
- ✓ идентификациялык жеке номери;
- ✓ өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтин реквизиттери: (аталышы, сериясы жана номери, берилген күнү, документти берген органдын аталышы), паспортунун сүрөтү, бетинин фото-сүрөтү;
- ✓ жашаган (жүргөн) жеринин дареги;
- ✓ жайгашкан жери жөнүндө маалымат;
- ✓ электрондук почта дареги;
- ✓ абоненттик номери;
- ✓ субъект тарабынан керектелген кызматтардын көлөмү жөнүндө маалымат;
- ✓ баланын туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү;
- ✓ субъекттин түзмөгүнө орнотулган программалык камсыздоонун жардамы менен мобилдик тиркемени колдонуу процессинде автоматтык түрдө Кармоочуга берилген маалымат, анын ичинде IP дареги, cookie маалыматтары;
- ✓ субъекттин Интернет-браузери (же анын жардамы менен мобилдик тиркемеге, веб сайтка жеткилик алынып жаткан башка программа) жөнүндө маалымат, жеткилик убактысы, суралган web-ресурстун дареги, анын жардамы менен мобилдик тиркеме колдонулуп жаткан субъекттин түзмөгү жөнүндө маалымат;
- ✓ кармоочунун веб сайтты жана мобилдик тиркемени колдонуу менен көрсөтүлгөн белгилүү бир кызматтарын колдонууну жөнгө салуучу шарттарга ылайык иштеп

чыгуу, сактоо жана берүү үчүн зарыл болгон субъект жөнүндө маалымат, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен, байланыш маалыматтары («жазуу китепчеси»), мобилдик тиркемени колдонуудагы активдүүлүк жөнүндө маалымат.

Кармоочу субъект мобилдик тиркемеде же веб сайтта жеткиликтүү шилтемелер боюнча өтүшү мүмкүн болгон үчүнчү жактардын сайттарын жана программалык камсыздоосун көзөмөлдөбөйт жана алар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Үчүнчү жактардын башка сайттарында субъекттен жеке маалыматтар чогултулушу же суралашы мүмкүн, ошондой эле Кармоочу алар үчүн жоопкерчилик тартпаган башка аракеттер жасалышы мүмкүн.

## 3. Жеке маалыматтарды чогултуу жана иштетүү максаттары

Кармоочу субъекттин жеке маалыматтарын Кыргыз Республикасынын «Электр байланышы жөнүндө» Мыйзамына, Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелеринин талаптарына ылайык, көчмө радиотелефондук байланыш кызматтарын көрсөтүү максатында, ошондой эле веб-сайт же мобилдик тиркеме аркылуу сервистерге жана кызматтарга жеткилик берүү үчүн иштеп чыгат, анын ичинде:

- ✓ байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим түзүү;
- ✓ субъектке мобилдик тиркеме аркылуу жекелештирилген жана сунуштама сервистерге жана кызматтарга жеткилик берүү;
- ✓ жарнамалык материалдарды субъектке көрсөтүүнү ылайыкташтыруу;
- ✓ Кармоочу субъекттин суроо-талаптарын/доолорун иштеп чыгуусу үчүн;
- ✓ мобилдик тиркеменин кызмат көрсөтүүлөрүн, ошондой эле субъекттин кызматтарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн мобилдик тиркемеде ишке ашырылган ыкмаларды жакшыртуу максатында талдоо жана изилдөө жүргүзүү үчүн;
- ✓ мобилдик тиркемеде жеткиликтүү кызматтар жөнүндө же мобилдик тиркемени колдонуу шарттары жөнүндө маалыматты, анын ичинде жарнаманы жөнөтүү үчүн;
- ✓ кызматтык билдирүүлөрдү жөнөтүү үчүн (мисалы, субъекттин аккаунтуна кирүүчү сырсөзүн калыбына келтирүү үчүн);
- ✓ мобилдик тиркемени же мобилдик тиркеме аркылуу жеткиликтүү кызматтарды алдамчылык жана мыйзамсыз пайдаланууну алдын алуу жана аныктоо үчүн;
- ✓ ээсизденген маалыматтардын негизинде статистикалык жана башка изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- ✓ субъектти көрсөтүлүүчү мобилдик радиотелефон кызматтары жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу;
- ✓ жакынкы сатуу жана тейлөө борборлорунун жайгашкан жери;
- ✓ субъектти Компаниянын өнөктөштөрүнүн кызматтары жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу;
- ✓ субъектти Компаниянын укуктук документтери менен тааныштыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен Компанияга жүктөлгөн ыйгарым укуктарды жана милдеттерди ишке ашыруу;
- ✓ кайтарым байланышты түзүү, анын ичинде кабарламаларды, кызматтарды көрсөтүү боюнча суроо-талаптарды жөнөтүү, абоненттердин суроо-талаптарын жана арыздарын кароо;
- ✓ коопсуздукту камсыз кылуу жана алдамчылыктын алдын алуу үчүн субъекттин түзүлүшүнүн жайгашкан жерин аныктоо;
- ✓ абонент тарабынан берилген жеке маалыматтардын тактыгын жана толуктугун тастыктоо;
- ✓ өнүмдөрдү, жаңыртууларды жана кызматтарды алуу үчүн абонентке Компаниянын өнөктөштөрүнүн сайттарына же кызматтарына кирүү мүмкүнчүлүгүн берүү;
- ✓ абонент менен түзүлгөн келишимдин аткарылышы,
- ✓ байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча түзүлгөн келишимдин алкагында абоненттерди/пайдалануучуларды тейлөө; маалымдама, маалымат берүү жана башка кошумча кызматтарды көрсөтүү;

- ✓ абоненттин макулдугу менен башка максаттар үчүн.

Иштеп чыгуу максаттарына жеткенден кийин, ошондой эле жеке маалыматтарды иштеп чыгуу жана коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер пайда болгондон кийин субъекттердин жеке маалыматтары жок кылынат.

## 4. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу шарттары жана берүү тартиби

Субъекттин жеке маалыматтарын иштеп чыгууда Кармоочу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алат. Ушул Саясатта аныкталган максаттарда жеке маалыматтарды иштеп чыгууда Кармоочу маалыматты автоматташтыруу каражаттарын колдонуу же андан каражаттарды колдонбостон чогултууга, жазууга, системалаштырууга, топтоого, сактоого, тактоого (жаңыртууга, өзгөртүүгө), чыгарууга, пайдаланууга, өткөрүп берүүгө (таратууга, берүүгө, жеткилик берүүгө), ээсиздендирүүгө, бөгөттөөгө, өчүрүүгө, жок кылууга укуктуу.

Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, Кармоочунун жеке маалыматтарды иштеп чыгуусу субъекттин макулдугу менен жүзөгө ашырылат.

Кармоочу ушул Саясатта каралган максаттарды жана ыкмаларды кошпогондо, алынган жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбайт, таркатпайт, сатпайт, ээсиздендирбейт же башка жол менен тескебейт. Жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте мүмкүн.

Субъекттин жеке маалыматтарын иштеп чыгуу субъекттин жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдугунун колдонуу мөөнөтүнүн ичинде же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында аныкталган мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат. Субъект өзүнүн жеке маалыматтарын иштетүүгө макулдугун каалаган убакта Бишкек ш., Сүйүмбаев көч., 123 дарегине кат жөнөтүү жолу менен артка чакырып алса болот.

## 5. Субъекттин укуктары

Субъект жеке маалыматтар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укуктарын ишке ашырууга укуктуу, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен:

- өзүнүн жеке маалыматтарын тактоого, жаңылоого, аларды бөгөттөөнү же жок кылууну талап кылууга;
- Кармоочудан иштетилип жаткан жеке маалыматтардын тизмесин, кайра иштетүүнүн укуктук негиздерин, аларды алуу булактарын, кайра иштетүү жана сактоо мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле өзүнүн жеке маалыматтарын иштетүүгө байланыштуу башка маалыматтарды суроого.

Эгерде субъект жеке маалыматтардын ишенимсиздигин аныктаса же анын жеке маалыматтарына карата аракеттердин мыйзамдуулугун талашса, ал Кармоочудан бул маалыматтарды бөгөттөөнү талап кылууга укуктуу.

## 6. Корутунду жоболор

Субъект ушул Саясаттын бардык пункттары менен толук макулдугун жана анын шарттарын шартсыз кабыл алгандыгын субъекттин кол жазмасынын аналогу менен кол коюу: SMS билдирүүдөн алынган кодду киргизүү менен же бул Саясатта кандайдыр бир түзүлүш аркылуу өз колу менен кол тамгасын коюу менен же чымчыкча белгисин коюу аркылуу билдирет.

Субъекттин Саясатка кандайдыр бир өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин веб-сайтты жана мобилдик тиркемени колдонууну улантуусу анын мындай өзгөртүүлөргө жана/же толуктоолорго макулдугун билдирет. Субъект анын өзгөртүүлөрү менен өз убагында таанышуу үчүн ушул Саясаттын мазмуну менен дайыма таанышып турууга милдеттенет.

Кармоочу субъектке алдын ала жана (же) кийин билдирүүсүз каалаган убакта өзүнүн каалоосу боюнча Саясатты өзгөртүү жана (же) толуктоо укугун өзүнө калтырат.

Саясаттын жаңы редакциясы, эгерде Саясаттын жаңы редакциясында башкача каралбаса, mega24.kg веб-сайтында жана MEGA24 мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет. Эгерде сиз (Колдонуучу) Саясаттын жоболору менен макул болбосоңуз, веб-сайтты жана мобилдик тиркемени колдонуудан баш тартыңыз жана мобилдик тиркемедеги аккаунтуңузду өчүрүңүз.